# КООМДОГУ ЖИКТЕЛҮҮНҮН СОЦИАЛДЫК ИДЕНТТЕШҮҮ ЖАНА ЖАРАНДЫК ИДЕНТТҮҮЛҮК МАСЕЛЕЛЕРИНИН ТААСИРИ

**ЖУСУБАЛИЕВ А.Р.**

*Ж.Баласагынатындагы Кыргыз улуттук университети*
**УДК: 316.344.8**

***Аннотация:*** *Макалада социалдык жиктелүү шартында калктын түрдүү катмарларынын социалдык жана жарандык иденттүүлүктөр маселелери каралган. Мүлктүк катмарлануу шартындагы үй-бүлөнүн материалдык жыргалчылыгы адамдардын мекенчилдик сезимдерине, алардын иденттүүлүгүнө түздөн-түз таасирин тийгизет деп белгиленген. Ошол эле учурда, изилдөөнүн эмпирикалык маалыматтарынын негизинде коомдун бардык катмарларынын иденттүүлүгү үчүн бирдей мааниге ээ болгон баалуулуктар да аныкталган.*

***Уруктуу сөздөр:*** *идентүүлүк, социалдык иденттүүлүк, жарандык идентүүлүк, коомдун жиктелиши, мекенчилдик, жарандык индифференттүүлүк.*

***Аннотация.****В статье рассматривается проблемы социальной и гражданской идентификации различных слоев населения в условиях социальной дифференциации. Подчеркивается, что в условиях имущественного расслоения материальное благосостояние семьи непостредственно влияет на патриотические чувства людей, их идентичности. В то же время, на основе эмпирических данных исследования выялены общие ценности, имеющие одинаковое значение для всех слоев общества.*

***Ключевые слова****: идентичность, социальная идентичность, гражданская идентичность, дифференциация общества, патриотизм, гражданская индифферентность.*

***Abstract:*** *In the article examined problems of social and civil authentication of different layers of population in the conditions of social differentiation. It is underlined that in the conditions of property stratification material welfare of family directly influences on the patriotic feelings of people, their identity. At the same time, on the basis of empiric data of research general values having an identical value for all layers of society are educed.*

***Keywords:*** *identity, social identity, civil identity, differentiation of society, patriotism, civil indifference.*

Социалдык иденттүүлүк социологиялык изилдөөлөрдө кеңири колдонулуучу терминдердин бири. Ал өзүнө бир канча иденттүүлүктүн формаларын: этникалык, саясый, партиялык, диний, социалдык-топтук, кесиптик, жамааттык, уруулук, аймактык, гендердик, жаштык, жарандык ж. б. иденттүүлүктөрдү камтыйт. Иденттүүлүк  бул индивиддин тигил же бул социалдык топко өзүнүн таандыгын аңдап билиши. Анын эки негизги деңгээлин айырмалоого болот. *Биринчи деңгээли*  жеке инсандык-психологиялык болуп, мында адамдын инсандык иденттүүлүгү, б. а. индивиддин “мен киммин?” деген суроого аң-сезимдүү жообу калыптанат. Аны басымдуу психология илими изилдейт. *Экинчи деңгээли*  социалдык (топтук) иденттүүлүк. Идентешүүнүн натыйжасында индивидде “биз” жана “алар” деп бөлүү, өзүн идентештирген топко карата башка топторду карама-каршы коюу түшүнүктөрү калыптанат. Мисалы, *жарандык иденттүүлүк:* “биз  Кыргыз жарандары” жана “алар  башка өлкөлөрдүн жарандары” ж.б.у.с. Иденттүүлүктүн бул деңгээлин социология илими изилдейт. Социалдык иденттүүлүк сөзсүз эле “биз” түшүнүгү менен аныкталбайт, ал бардык иденттүүлүктүн калыптарында “мен” түшүнүгү аркылуу көрүнүшү да толук ыктымал: “мен  кыргыз”, “мен  Кыргыз жараны” ж. б. Инсандын “Мен” түшүнүгү идентүүлүктүн бул эки деңгээлининин өз ара аракеттешүүсүнүн натыйжасында калыптанат жана өнүгөт.

Социалдык иденттүүлүктүн түрлөрүнүн ичинен жарандык иденттүүлүк үстөмдүк абалда болушу мамлекеттин биримдигинин, бүтүндүгүнүн зарыл шарты. Эгерде коомдо мындай абал калыптанбаса, анда мамлекеттин бүтүндүгүнө доо кетип, ыдырап бузулуу

коркунучу Украинанын соңку жаңы тарыхынын мисалынан көрүндү. Кыргызстандын тарыхынын акыркы жылдарында болгон каргашалуу кандуу окуялар, этностор аралык мүнөздөгү кайгылуу чыр-чатактардын тажырыйбасы биздин өлкө үчүн да жарандык идентүүлүк маселесинин канчалык орчундуу, маанилүү, актуалдуу маселе экендигин такстыктап турат.

Биздин изилдөө топ тарабынан Кыргызстандын бардык аймактарында жүргүзүлгөн "Кыргыз Республикасында жалпы жарандык идентүүлүк маселелери" деген аталыштагы социологиялык изилдөө улуттун, мамлекеттин тагдыры менен айкалышкан ушул маселелерге багышталган. Биз жүргүзгөн социологиялык изилдөөнүн негизги инструментарийи сурама болуп, анын негизги бөлүгүндө 52 суроо жана паспорттук бөлүгүндө 9 суроо болуп, жалпы 61 суроону камтыган. Ыңгайлуулук үчүн бул суроолор бир нече тематикалык бөлүктөргө ажыратылган: 1) демографиялык бөлүк (респонденттер жөнүндө маалымат); 2) мамлекеттик идентүүлүк; 3) мекенчилдик сезимдери; 4) жарандуулук; 5) этностор аралык мамиле; 6) тил; 7) каада-салттарга жана динге карата мамиле. Ар бир бөлүк өзүнө жарандык идентүүлүктүн табиятын ачып көрсөтүүгө көмөк бере турган тиешелүү индикаторлорду (суроолорду) камтыйт. Изилдөөнүн жүрүшүндө 2000 сурама жыйналып, андагы респонденттердин суроолорго берген жооптору статистикалык маалыматтарды эсептөөчү атайын SPSS программасы аркылуу кайрадан иштетилип, маалымат базасы түзүлгөн. Сураманын 9 жана 10 суроолору респонденттердин социалдык абалы жөнүндөгү субъективдүү пикирлерин, паспорттук бөлүктүн 6 жана 7 суроолору алардын кайсы катмарга таандык экендигин объективдүү негизде аныктоого багытталган. Төмөнкү таблицада үй-бүлөнүн бир айлык орточо кирешеси жөнүндөгү суроого жооптор келтирилген (караңыз: Табл. 1).

**Таблица 1. Үй-бүлөнүн бир айлык орточо кирешеси.**

| | Үй-бүлөнүн бир айлык орточо кирешеси (сом) | | | | | | | | | | | Баары |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Жооп жок | 1000-5000 | 5001-7000 | 7001-10000 | 10001-13000 | 13001-17000 | 17001-22000 | 22001-27000 | 27001-32000 | 32001-40000 | 40001, жогору | |
| Саны | 168 | 259 | 186 | 351 | 213 | 306 | 249 | 83 | 80 | 30 | 75 | 2000 |
| % | 8,4% | 13,0% | 9,3% | 17,6% | 10,7% | 15,3% | 12,5% | 4,2% | 4,0% | 1,5% | 3,8% | 100 |

2014-жылда Кыргызстандагы айлык акынын эң төмөнкү өлчөмү 940 сом, ал эми жашоо минимуму 2014-жылдын 1 кварталы үчүн баардык калкка карата орточо 4694,6 сом, жумушка жөндөмдүү калкка - 5231,07 сом (сайт: www.stat.kg, 10.04.2014-ж. КР УСКнин төрагасынын 1-орун басары Д. Байжумановдун колу менен тастыкталаган) аныкталгандыктан, биз миңден беш миң сомго чейин кирешеси боюнча биринчи топко кошуп, киреше көрсөткүчүнүн негизинде жалпы 10 градациялык топту ажыраттык. Бул топтордун кирешелери менен андагы үй-бүлө мүчөлөрүнүн санынын (7-суроо) катышы аркылуу респондентердин жан башына бир айлык орточо кирешелерин аныктадык. Ал төмөнкү таблицада берилген:

**Таблица 2. Үй-бүлөнүн жан башына бир айлык орточо кирешеси**

| | Үй-бүлөнүн бир айлык орточо кирешеси (сом) | | | | | | | | | Баары |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Жооп жок | 700 чейин | 701-1300 | 1301-2200 | 2201-3500 | 3501-5000 | 5001-7500 | 7501-10000 | 10000ден жогору | |
| Саны | 175 | 101 | 198 | 484 | 536 | 184 | 220 | 58 | 44 | 2000 |
| % | 8,7% | 5,0% | 10,0% | 24,2% | 26,8% | 9,2% | 11,0% | 2,9% | 2,2% | 100 |

2014-жылдын биринчи жарымын жылдыгында Кыргызстандагы кирешенин кепилденген төмөнкү деңгээли 640 сомду, жакырлыктын чеги 2182 сомду, кедейликтин (же өтө жакырлыктын) чеги 1286 сомду түзгөн, ал эми жашоо минимуму үстүбүздөгү жылдын I кварталында эмгекке жарамдуу калк үчүн 5231,07 сом болгон. КР УСКнин ушул маалыматтарына ылайык кирешелери боюнча респонденттерди 8 топко бириктирип топтоштурдук. Расмий маалымат боюнча жакырлардын үлүшү калктын 39,1%ы (2 млн. 153 миң киши) болсо, биз изилдеген респонденттерден да кирешесине ылайык жакырчылык чегинен төмөн жашагандар 39,2% түзгөн (караңыз: таб.2.). Изилдөөдө тандап алуунун туура аткарылгандыгын жана жыйналаган маалыматтардын жогорку объективдүүлүгүн бул дагы бир ирет тастыктап турат.

Респонденттердин үй-бүлөсүнүн материалдык абалын баалоо боюнча сурамада берилген 9-суроого карата субъективдүү пикирлерин карасак, аны “акча дайыма жетишпейт, эң керектүү тамак-аш азыктарын сатып алганга да жетпейт” жана “акча керектүү тамак-аш азыктарын сатып алганга жетет, бирок кийим сатып алуу кыйынчылыктарды жаратат” позицияларды белгилегендер 33,6% түзгөн (караңыз: таб.3.).

Таблица 3. Учурдагы өзүңүздүн үй-бүлөңүздүн материалдык абалын кандай деп мүнөздөйсүз?

| | Жооптор | | Баары |
|---|---|---|---|
| 1 | Акча дайыма жетишпейт, эң керектүү тамак-аш азыктарын сатып алганга да жетпейт | Саны | 151 |
| | | % | 7,6% |
| 2 | Акча керектүү тамак-аш азыктарын сатып алганга жетет, бирок кийим сатып алуу кыйынчылыктарды жаратат | Саны | 519 |
| | | % | 26,0% |
| 3 | Акча керектүү тамак-аш азыктарын жана кийим сатып алганга | Саны | 905 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | толук жетет, бирок көпкө колдоно турган буюмдарды сатып ала албайбыз | % | 45,3% |
| 4 | Акчабаарынажетет, бирок квартира, үйсатыпалгангажетпейт | Саны | 77 |
| | | % | 3,9% |
| 5 | Акча бардык керектөөлөрүбүзгө кенен жетет, көпкө колдоно турган буюмдарды, квартира, үй да сатып ала алабыз | Саны | 338 |
| | | % | 16,9% |
| 6 | Жоопжок | Саны | 10 |
| | | % | 0,5% |
| | Жалпы: | Саны | 2000 |

Шарттуу түрдө ортоңку катмар катары үчүнчү жоопту "акча керектүү тамак-аш азыктарын жана кийим сатып алганга толук жетет, бирок көпкө колдоно турган буюмдарды (телевизор, компьютер. муздаткыч, автомобиль ж.б.) сатып ала албайбыз" тандагандарды аныктоого болот, алар суралгандардын 45,3% түзгөн. Ал эми респонденттердин бештен бири же 20,8%, жогорку катмардын өкүлдөрү, бул топко суроонун төртүнчү (3,9%) жана бешинчи (16,9%) жоопторун тандагандар кирет.

Сураманын 10-суроо да ушундай эле субъективдүү мүнөздө болуп, респонденттерге жашоо деңгээли боюнча 10 тепкичтик пирамидада өзүнүн үй-бүлөсүн жайгаштыруу сунушталган. Алардын жооптору төмөнкү сүрөттө берилген. Респонденттер тарабынан эң көп тандалган жооп "бешинчи тепкич" болуп, аны жалпы суралгандардын 1/3нен ашык жаран (35,7%) белгиленген. Бул позициядан жогору жана төмөн карай пропорцианалдуу кемүү (өсүү) байкалат. Мисалы, андан кийин 0,5 пайыздык көрсөткүч айырма менен 2 (17,4%) жана 3 (16,9%) орундар, 1,6%дык айырма менен 4 (10,3%) жана 5 (8,7%) орундар, кийинки орундарда 6 (4,0%) жана 7 (3,9%) болгону 0,1% гана айрманы байкайбыз. Ал эми 8 (1,3%) жана 9 (1,1%) орундарда да ушул эле тенденция сакталып, 0,2% айырманы байкайбыз.

Сүрөт 1. Эгерде Кыргызстандын калктын жашоо деңгээли боюнча жакырлардан байларга чейин 10 тепкичке жайгаштырса, анда Сиздин үй-бүлөңүз кайсы тепкичтен орун алат деп элестетесиз?

| Тепкичтер | Байлар | Ээлеген орду |
|---|---|---|
| 10 | 0.9% (18 жаран: 66,7%-эркек, 33.3%-аял) | 10 |
| 9 | 1.1% (21 жаран: 28,6%-эркек, 71.4%-аял) | 9 |
| 8 | 4.0% (80 жаран: 46,3%-эркек, 53.8%-аял) | 6 |
| 7 | 8.7% (174 жаран: 51,1%-эркек, 48.9%-аял) | 5 |
| 6 | 16.9% (338 жаран: 52,4%-эркек, 47.6%-аял) | 3 |
| 5 | 35.7% (713 жаран: 51,8%-эркек, 48.2%-аял) | 1 |
| 4 | 17.4% (347 жаран: 47,6%-эркек, 52.4%-аял) | 2 |
| 3 | 10.3% (206 жаран: 46,1%-эркек, 53.9%-аял) | 4 |
| 2 | 3.9% (77 жаран: 46,8%-эркек, 53.2%-аял) | 7 |
| 1 | 1.3% (26 жаран: 69,2%-эркек, 30.8%-аял) Жакырлар | 8 |

Үй-бүлөсүнүн материалдык абалы жана жашоо деңгээли боюнча респонденттердин көз карашындагы социалдык жиктелүүлөр алардын иденттешүү жана жарандык

иденттүүлүк маселелерине тийгизген таасирлерин талдоо төмөндөгү натыйжаларды берди.

Өз өлкөсү менен эч кандай байланышын сезбеген же аны начар деп эсептегендердин үлүшү оор материалдык шарттарда жашаган респонденттердин арасында турмуш шарты жакшы топтогуларга салыштырганда 13%дык пунктка жогору болгон. Башкача айтканда, тогузунчу суроонун 1 жана 2 жоопторду тандагандардын 30,8% Кыргызстан менен байланышын сезбейт же начар деп билет. Ал эми "Акча керектүү тамак-аш азыктарын жана кийим сатып алганга толук жетет, көпкө колдоно турган буюмдарды, квартира, үй сатып ала алабыз" жана "Акча баарына жетет, бирок үй сатып алганга жетпейт" деген жоопторду белгилегендердин арасында жогоркудай пикирдегилердин үлүшү 17,8% түзгөн.

Демек, мындан *үй-бүлөнүн материалдык абалы жана өз өлкөсү менен байланыш көрсөткүчтөрүнө түздөн-түз таасирин тийгизет* деп жыйынтык чыгарып, аны түз байланыш катары мүнөздөөгө болот, б.а. турмуш шарты канчалык жогору болсо, мамлекет менен байланышы ошончолук күчтүү. Биздин бул пикирибизди Кыргызстан менен "күчтүү" жана "өтө күчтүү" байланышты сезген респонденттердин үй-бүлөсүнүн материалдык абалын талдоо дагы бир ирет далилдеп турат. Бул жоопторду белгилегендердин арасында турмуш шарты оор болгон жарандарга (67,9%) караганда жашоо деңгээли салыштырмалуу жогору (75,8%) болгон жарандар 8,0%га көп. А түгүл, мындай тенденция "орто деңгээлдеги байланышты" сезген респонденттердин арасында да байкалган. Турмуш шарты жакшы болгондордун саны бул позицияда дагы оор материалдык шартта жашагандарга салыштырмалуу 8,6%га жогору, же 75,4% жана 84,0% түзгөн.

Сурамжылоого катышкан жарандар арасында "зарыл жагдай түзүлсө, Кыргызстан мамлекетинин кызыкчылыгы үчүн жеке кызыкчылыктарыңызды курмандыкка чалууга даяр" болгондор 43,6%ды, даяр эместер 8,2% түзгөн. Арсар сезимдерге чүмкөнгөн респонденттер, же жагдайга жараша аракеттене тургандар, 45,6% көрсөткүч менен лидерлик абалды ээлешкен (караңыз: таблица 9).

**Таблица 9. Сураманын алтынчы жана тогузунчу суроолорунун кайчылаш таблицасы.**

| 9. Учурдагы өзүңүздүн үй-бүлөңүздүн материалдык абалын кандай деп мүнөздөйсүз? | | 6. Эгерде зарыл жагдай түзүлсө, Кыргызстан мамлекетинин кызыкчылыгы үчүн жеке кызыкчылыктарыңызды курмандыкка чалууга даярсызбы? | | | | | Баары |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Жооп жок | Ооба, даярмын | Жагдайга жараша аракеттенмекмин | Жок,даяр эмесмин | Башка | |
| Жооп жок | Саны | 0 | 5 | 4 | 1 | 0 | 10 |
| | % | 0,0% | 50,0% | 40,0% | 10,0% | 0,0% | 100% |
| Акча дайыма жетишпейт, эң керектүү тамак-аш азыктарын сатыпалганга да жетпейт | Саны | 4 | 69 | 58 | 18 | 2 | 151 |
| | % | 2,6% | 45,7% | 38,4% | 11,9% | 1,3% | 100% |
| Акча керектүү тамак-аш азыктарын сатып алганга жетет, бирок кийим сатыпалуу кыйынчылыктарды жаратат | Саны | 6 | 218 | 242 | 42 | 11 | 519 |
| | % | 1,2% | 42,0% | 46,6% | 8,1% | 2,1% | 100% |
| Акча керектүү тамак-аш азыктарын жана кийим | Саны | 11 | 384 | 426 | 73 | 11 | 905 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| сатып алганга толук жетет, бирок көпкө колдоно турган буюм-дарды сатып ала албайбыз | % | 1,2% | 42,4% | 47,1% | 8,1% | 1,2% | 100% |
| Акча баарына жетет, бирок үй сатып алганга жетпейт | Саны | 0 | 33 | 38 | 5 | 1 | 77 |
| | % | 0,0% | 42,9% | 49,4% | 6,5% | 1,3% | 100% |
| Акча бардык керектөөлөрү-бүзгө кенен жетет, көпкө колдоно турган буюмдарды, квартира, үй да сатып ала алабыз | Саны | 5 | 162 | 144 | 24 | 3 | 338 |
| | % | 1,5% | 47,9% | 42,6% | 7,1% | 0,9% | 100% |
| Баары | Саны | *26* | *871* | *912* | *163* | *28* | *2000* |
| | % | *1,3%* | *43,6%* | *45,6%* | *8,2%* | *1,4%* | *100%* |

Мындай абалды базар экономикасынын таасири менен жарандардын көбүрөөк рационалдуу ой жоруулары аркылуу түшүндүрүүгө болот. Ошол эле учурда турмуш шарты оор респонденттер жогоркудай арсар ойдогулар жалпы көрсөткүчтөн 7,2%га аз болсо, ал эми даяр эместердин арасында 3,7%га көп көп экендигин белгилөөгө болот. Бул алардын өзүнө көбүрөөк сын көз караштa, же мекенчилдик сезими кыйын жашоо шарты менен басмырланып калган деп жоромолдоого негиз берет.

Кыргызстандыктардын мекенчилдик түшүнүктөрүнө байланышкан “Сиз үчүн Кыргызстандын мекенчили болуу деген биринчи кезекте эмнени түшүндүрөт?” деген суроо респонденттерге сурамада тике берилип, сунушталган жооптордон өзүнүн көңүлүнө туура келген үчөөн гана белгилөө мүмкүнчүлүгү каралган. (караңыз: таблица 10).

Мында алардын көз карашы боюнча алдыңкы үч орунду өз “өлкөсүн сүйүү” (68,6%), “өлкөсүнүн өнүгүшүнө өз салымын кошуу” (49,2%) жана “элин сүйүү” (44,8%) позициялары ээлеген. Андан кийин “кыргыз тилин билүү”, “кыргыз элинин тарыхын билүү” жоопторy (турушу боюнча, 32,7% жана 27,2%) орун алган.

**Таблица 10. Сураманын он биринчи жана тогузунчу суроолорунун кайчылаш таблицасы.**

| 9. Учурдагы өзүңүздүн үй-бүлөңүздүн материалдык абалын кандай деп мүнөздөйсүз? | | 11. Сиз үчүн Кыргызстандын мекенчили болуу деген биринчи кезекте эмнени түшүндүрөт? | | | | | | | | Баа-ры |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Өлкө-сүн сүйүү | Элин сүйүү | Өлкөсү-нүн өнү-гүшүнө өз салымын кошуу | Кыр-гыз тилин билүү | Кыргыз элинин тарыхын билүү | Кыргыз элинин мадания тын билүү | Жети атасын билүү (ата-тегин билүү) | Баш-ка | |
| Акча дайыма жетиш-пейт, эң керектүү тамак-аш азыктарын сатыпалганга да жетпейт | Саны | 95 | 79 | 51 | 45 | 34 | 18 | 27 | 0 | 151 |
| | % | 62,9% | 52,3% | 33,8% | 29,8% | 22,5% | 11,9% | 17,9% | 0,0% | |
| Акча керектүү тамак-аш азыктарын сатып алганга жетет, бирок кийим сатып алуу кыйынчылыктарды жаратат | Саны | 335 | 243 | 257 | 167 | 141 | 73 | 69 | 4 | 516 |
| | % | 64,9% | 47,1% | 49,8% | 32,4% | 27,3% | 14,1% | 13,4% | 0,8% | |

| | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Акча керектүү тамак-аш азыктарын жана кийим сатып алганга толук жетет, бирок көпкө колдоно турган буюмдарды сатып ала албайбыз | Саны | 636 | 392 | 459 | 298 | 242 | 149 | 139 | 15 | 905 |
| | % | 70,3% | 43,3% | 50,7% | 32,9% | 26,7% | 16,5% | 15,4% | 1,7% | |
| Акчабаарынаж етет, бирок үй сатып алганга жетпейт | Саны | 51 | 31 | 44 | 18 | 17 | 7 | 9 | 4 | 76 |
| | % | 67,1% | 40,8% | 57,9% | 23,7% | 22,4% | 9,2% | 11,8% | 5,3% | |
| Акча бардык керек-төөлөрүбүзгө кенен жетет, көпкө колдоно турган буюмдарды, квартира, үй да сатып ала алабыз | Саны | 245 | 144 | 166 | 122 | 105 | 44 | 76 | 2 | 337 |
| | % | 72,7% | 42,7% | 49,3% | 36,2% | 31,2% | 13,1% | 22,6% | 0,6% | |
| Баары | Саны | 1362 | 889 | 977 | 650 | 539 | 291 | 320 | 25 | 1985 |
| | % | 68,6% | 44,8% | 49,2% | 32,7% | 27,2% | 14,7% | 16,1% | 1,3% | 100 |
| | | 1 | 3 | 2 | 4 | 5 | 7 | 6 | | |

Респонденттердин үй-бүлөсүнүн материалдык абалы боюнча эң төмөнкү жана эң жогорку катмарлардын жоопторун салыштырып көрсөк, “элин сүйүү” деген жооптон башка бардык позициялар боюнча жогорку катмардын өкүлү болгон жарандар жогору үлүштүк көрсөткүчтөргө ээ болушкан. Бул эки катмарда “өлкөсүнүн өнүгүшүнө өз салымын кошуу” жана “элин сүйүү” деген жооптор өзүнүн маанилүүлүгү боюнча экинчи жана үчүнчү орундарда алмашып келген. Албетте, өзү материалдык жактан оор абалдагы жаран өлкөсүнүн өнүгүшүнө салым кошуу мүмкүнчүлүгү жөнүндөгү жоопту тандоодо кыйын абалга дуушар болот. Ошондуктан, алардын көз карашында материалдык чыгымдар менен байланышпаган “элин сүйүү” вариантын тандоо мыйзам ченемдүү жагдайлардан. Изилдөөнүн натыйжалары көрсөткөндөй мекенчилдик сезимдерге да респонденттин материалдык турмуш шарты өтө кескин таасирин тийгизбейт. Бирок, этникалык белгилери жарандардын мекенчилдик түшүнүктөрүнө олуттуу айырмачылыктарды жаратарын айгинеледи.

Сүрөт 2. Өзүңүздү канчалык деңгээлде Кыргызстандын мекенчили катары эсептейсиз?




Респонденттерден канчалык деңгээлде өзүн Кыргызстандын мекенчили катары эсептей турганын жөнүндөгү субъективдүү пикирине сураманын кийинки суроосу багышталып, аларга 10 баллдык шкала сунушталган (караңыз: сүрөт 2).

Ага алынган жооптордун бөлүштүрүлүшү туруктуу прогресс калыбында эмес, б.а. жогорку көрсөткүчтү бешинчи шкалада (18,15%), андан кийин төмөндөп, 10 шкалада кайрадан жогорку көрсөткүчтү (25,45%) байкайбыз Суралгандардын мекенчилдик сезимине алардын жашоо деңгээлинин таасири бар экендиги он экинчи жана тогузунчу суроолордун кайчылаш таблицасынан айкын болду. Башкача айтканда, жашоо шартын оор деп 9-суроодон 1 жана 2-позицияларды белгилегендерден шкаланын эң жогорку 10 баскычты тандагандардын үлүшү 45,7% түзсө, жашоо шарты жогорку деп эсептеген 9-суроонун 4 жана 5-позицияларын белгилегендердин шкаланын эң жогорку 10 баскычты тандагандарынын үлүшү 68%, же 22,3%га көп болгон.

Жиктелген коомдогу жарандык иденттүүлүк маселелери **боюнча изилдөөнүн бул натыйжалары төмөндөгүдөй корутундуларга негиз болду.**

- Үй-бүлөнүн материалдык камсыз болуу абалы боюнча караганда, респонденттердин жарандык иденттүүлүгүнө таасир кылган позициялар боюнча жогорку жана төмөнкү катмарларга тааандык жооптору жалпы көрсөткүчтөн айырмаланат: (1) жашоо шарты оор жарандардын тандоолоруна Кыргызстандын ички көйгөйлөрү көбүрөөк таасир кылган. Мисалы, аш, тойлордогу ашыкча ысырапкорчулук, экономиканын чабалдыгы, экологиянын бузулушу, революциялар боюнча жоопторду тандоодо алардын үлүшү жогорку катмарга салыштырмалуу да, жалпы көрсөткүчкө салыштырмалуу да жогору; (2) жогорку катмардын өкүлдөрүнө ички көйгөйлөр менен катар сырткы байланыштарды камтыган да жоопторду тандашына өз таасирин тийгизген. Мисалы, кыргыз тилинин орду жана саясый элитанын аз көздүгү сыяктуу жооптор менен катар, кен байлыктардын чет элдиктердин пайдасына иштеши, коңушу өлкөлөр менен чек араны тактай албай жаткандыгыбыз сыяктуу маселелерде алардын үлүшү төмөнкү катмарларга салыштырмалуу да, жалпы көрсөткүчкө салыштырмалуу да жогору; (3) жарандардын кайсы катмарга таандык экендигине карабастан бирдей мааниге ээ болгон жооптор да бар. Мисалы, “Манас” дастаны, Кыргызстандын мамлекеттик символдору (туу, герб, гимн) сыяктуу позициялар. Аларда көз караштардын айырмачылыктары 1%га жетпейт жана жалпы көрсөткүчкө жакын;
- респонденттердин жарандуулук маанайынын деңгээлин жогору деп айтуу кыйын. Жашоо шарты менен мындай пикирдин белгилүү деңгээлде байланышы байкалат. Бирок,

жашоо шартын жакшы жана начар катары баалагандарда мындай маанай орто жашагандарга караганда да, жалпы көрсөткүчкө салыштырмалуу да бир азга жогору. Башка өлкөнүн жараны болуу мүмкүнчүлүгү болсо респонденттердин 44% (!) Кыргызстандан башка мамлекеттин жарандыгын алуу ниетин билдирген. Жогорку катмардын өкүлдөрү АКШ жана Туркия мамлекеттерин, төмөнкү катмардын өкүлдөрү Россия Федерациясын көбүрөөк тандашкан. Алардын тандоолорунун себептери үй-бүлөнүн материалдык камсыз болуу абалы боюнча айырмаланат: турмуш шарты жакшы катмарды "жогорку жашоо деңгээли", "сапаттуу билим" жана "тынчтык, бейпилдик" себептери жалпы көрсөткүчтөн жогору болсо, турмуш шарты оор болгондордо негизги тандоофактору "турмуш-тиричиликти оңдоо мүмкүнчүлүгү" жана "туугандарынын жашагандыгы" болуп саналат;

- изилдөөнүн жыйынтыктары жарандардын жашоо деңгээли менен мекенчилдик сезимдеринин ортосунда түз көз карандылык байланыш бар экендигин тастыктады жана жарандардын турмуш шарты канчалык төмөнгөн сайын, алардын мекенчилдик сезимдери да ошончолук бошоңдой тургандыгын көрсөттү. Мындай абал ***жарандык индифференттүүлүктү***жаратышы мүмкүн, б.а. адамдардын мамлекеттүүлүккө, жарандык мамилелерге, өз өлкөсүнүн баалуулуктарына**кош көңүлдүүлүгү**, алар каада-салт жана нормалардан **сыртта** болуп, өзүнүн жана башкалардын жарандык таандыгы алардын турмуштук жүрүш-турушуна жана ишмердүүлүк чөйрөлөрүнө эч кандай таасир кылбаган абалы.

Демек, жарандык иденттүүлүктү жана иденттешүүнү калыптандыруу, жарандуулук сезимдерди өнүктүрүү иш-чараларын жүргүзүүдө атуулдардын мүлктүк жиктелишин эске алуу зарыл.

**Адабияттар:**


1. "Кыргыз Республикасында элдин биримдигин жана этностор аралык мамилелерди чыңдоо концепциясын". □ Бишкек, 2013. 09.04.2013.
2. Эриксон Э. Идентичность: юность и кризис: пер. с англ. □ М., 2006.
3. Солдатова Г.У. Психология межэтнической напряженности. □ М., 1998.
4. Гришина Е.А. Идентичность гражданская // Социологическая энциклопедия: в 2 т. Т. 1. □ М., 2003.
5. Мнацаканян М.О. Национализм и глобализм. Национальная жизнь в современном мире. □ М., 2008.